УДК 947.1.084.

*Эргашов С., г.и.к., доцент,*
*Дилишатов Ө.У., улук окутуучу*
*Кыргыз-Өзбек университети*

# ТҮШТҮК-БАТЫШ ТЕҢИР-ТООНУН АЙМАГЫНДА СОВЕТ БИЙЛИГИН ОРНОТУУ (АЗЫРКЫ КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН МИСАЛЫНДА)

# УСТАНОВЛЕНИЕ СОВЕТСКОЙ ВЛАСТИ НА ТЕРРИТОРИИ ЮГО-ЗАПАДА ТЕНИР-ТОО (НА ПРИМЕРЕ ТЕРРИТОРИИ КАДАМЖАЙСКОГО РАЙОНА)

# TO THE SOUTH-WEST FROM THE ESTABLISHMENT OF THE SOVIET GOVERNMENT ON THE MOUNTAIN TERRITORY OF KADAMJAY REGION

***Аннотация:*** *Макалада азыркы Кадамжай районунун аймагында Совет бийлигин орнотуу боюнча тарыхый-географиялык маселе каралды.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются историко-географические вопросы по установлению Советской власти на современной территории Кадамжайского района.*

***Abstract:*** *The article examines the historical and geographical issues of restoration of Soviet power the modern territory Kadamjay area.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *басмачы, Кокон хандыгы, Үч-Коргон, Охна, гарнизон, Орозбеков, Кызыл Армия.*

***Ключевые слова:*** *басмачи, Какандское ханство, Уч-Коргон, Охна, гарнизон, Орозбеков, Красная Армия.*

***Key words:*** *Basmachis, Kakand khanate, Uch-Korgon, Okhna, garrison, Orozbekov, Red Army.*

Кийинки жылдары кыргыздардын тарыхы менен маданиятына кызыгып, алар жөнүндө, о.э. Түштүк-Батыш Кыргызстандын тарыхын үйрөнүүдө алга жылуу бар. Кыргыздардын тарыхын изилдеген Батыштын окумуштуулары улуттун салтын, тилин, санжырасын билбей туруп, археология менен жазма тарыхтын алкагынан чыгыша алышпады. Өзгөчө биздин күндөрдө өз жергеңдин тарыхын билүү өтө маанилүү.

Мектепте, жогорку окуу жайында жана басма сөз беттеринде «Кыргыздардын байыркы тарыхы талаш, мамлекети болбогон, салттары – эзүү таптыкы, маданияты өскөн эмес, Совет өкмөтүнүн шарапатынан кийин гана дүркүрөп өстү» - деп, бизди окутар эле [1].

Эми акылды угар жана ага баш иер, аны жетектээр доор келди. Кыргызстандын, анын Түштүк-Батыш Теңир-Тоо аймагын, анын ичинде Үч-Коргон жана Кадамжай районун XVIII-XIX кылымдагы тарыхын үйрөнүү маселеси бар.

Орто жана Борбордук Азиянын аймактарында кыргыздар эзелки тарыхый мезгилдерден эле жашап келишкен. Алар мусулман болгондуктан көчмөн түрүндө жашап географиялык чөйрөлөрдө жер которуу менен жашап келишет. Акыркы XIX кылымдын башында чет мамлекеттердин басып алуучулук аракеттери болуп, кыргыздар аларга каршы турушкан. Бирок Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү тарыхый окуялар маанилүү роль ойногон.

XVIII кылымдын 60-жылдары Кокон хандыгы өз аймагын кеңейтүүдө Алимхан, Оморхан ж.б. баш болгон күчү менен Чыгыш Түркистанга жеткен. Бирок 1873-1876-жылдардагы элдик боштондук үчүн болгон көтөрүлүштүн таасири менен Кокон хандыгы Орусияга кошулган. 1876-жылы 19-февралда Фергана аймагы Орусиянын курамына өтөт.

XIX кылымга келип Орто Азияга о.э. Фергана аймагына кызыккан үч улуу держава: Англия, Кытай, Орусия болгон.1865-жылы Ташкентти басып алган Орусия империясы Түркистан облусун негиздейт.

Түркистандагы жумушчу кыймылынын активдүү катышуучусу Адыкадыр Орозбеков 1907-1916-жылы наабайчылыкта иштеген, ал 1916-жылдагы көтөрүлүштүн башталышына жигердүү катышкан [4].

1917-жылы 25-октябрда Петроград шаарындагы большевиктик партиясынын төңкөрүшү менен Совет мамлекети түптөлөт. Андан ары Кыргызстанда Совет бийлигинин орнотулушу, коллективдештирүү жүрөт. Анда Англия жана башка элдер колдогон басмачылардын кол салуулары күчөйт. Жергиликтүү мусулман элдеринин диний ишенимин пайдаланып жергиликтүү молдолор, имамдар аларга жардам көрсөтө баштайт [6].

Басмачыларга каршы согуш учурунда Фергана өрөөнүндөгү контрреволюциячыл күчтөргө, басмачыларга каршы күрөштү жетектөө үчүн 1919-жылы 25-февралда түзүлгөн ыктыярдуу отряддарды жана Кызыл-Армиянын Фергана бөлүктөрүн жетектеген штаб башкарган. 1919-жылы ноябрда фронттун аскерлери Түркстан 2-атчандар дивизиясына бириккен. Атчандар отряддарынан өзүнчө Фергана атчандар бригадасы түзүлгөн [5].

Совет өкмөтүнүн курулушунда көп каталыкка жол берилип, калк менен большевиктердин, кызыл аскерлердин ортосундагы ажырым көпкө чейин бирикпеди. Ошонун кесепетинен ак жеринен көптөгөн адамдар жазаланып, күрөштүн курмандыгына айланышты. Совет кызыл армиясы жергиликтүү басмачыларды мизин кайтарып турган [2].

Мурда талкаланган басмачылардын ири топторунун колго түшпөй, качып кутулгандары эл көзүнө көрүнбөй, жашырынып Үч-Коргонго байырлашкан. Учурдагы басмачылардын ишенимдүү күчтөрү болгон Мадаминбек менен Көр Шерматтын топторунун саны улам артат.

Жардамга келген кызыл аскерге кол салып, орустарга коркунуч күчөй берген.

1920-жылы М.В. Фрунзе 1 пулеметчик, 15 сакчысы менен Үч-Коргонго келет. Кызыл-Кыяда М.В. Фрунзенин буйругу менен Фергана гарнизонунун башчысы Софонов Мадаминбекке кат жазып, айрым басмачыларды ыктыярдуу келип кошулуусун жазган.
Үч-Коргон, Охнада карапайым калкка камкордук көрүлүп, эки тарап тең сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн. Абдыкадыр Орозбековдун жоокерлери көп улуттун өкүлдөрүнөн куралган эле.

Кызыл-Кыя шахтерлорунан түзүлгөн коргоо отрядына басмачылар капысынан чабуул коюшуп, үстөмдүк кыла башташат. Кабар А.Орозбековго учурунда жетип, ал өзүнүн жоокерлерин баштап келип кызыл-кыялыктарды аман куткарып калат.

А. Орозбеков кыргыздар менен жашаган тажик, өзбек, уйгур калктарынын өкүлдөрүнө өзгөчө камкордук көргөн.

Үч-Коргон, Охна аймагындагы тоолордо байырлап жүргөн басмачылардын арасында ууру-кески, адам өлтүргөн күнөөкөрлөр топтолушкан. Алардын маалыматтары биздин колубузда турат. Биз баарыңарды элдешүүгө чакырабыз. Антпесе акырын кызыл аскерлердин колуна түшөт болчу.

Карапайым калкка камкордук көрүлүп, эки тарап тең сүйлөшүүлөр аркылуу макулдашып, жарашууга аракеттер болот. Ага чейин Софоновдун буйругу менен Үч-Коргон элинин бир бөлүгүн чаап, канга бөлөп кыргын кылган иши белгилүү болгон.

Үч-Коргон эли басмачыларды багып, тамак-аш, улоо жагынан жардам берет деп эсептеген гарнизондун башчысы Софонов. Интернационалдык полктун командири Үч-Коргон революциялык комитеттин төрагасы Абдыкадыр Орозбеков Софоновдун буйругуна каршы чыгып, үч-коргондуктарды сактап калган.

Бирок али басмачылар жок боло элек болчу. Күндөрдүн биринде Кызыл-Кыяга окуяны билейин деп аты менен Тагай миңбашы келет. Ал аттан түшпөй элден кабарды билип ыңгайсыз абалда кайра тоого жөнөп баратып жолдо кокусунан каза болот. Ошондон кийин тоолордогу калган басмачылар кескин түрдө алсырайт.

Абдыкадыр Орозбековдун жоокерлери көп улуттун өкүлдөрүнөн куралган болуп, кыргыздардан тышкары өзбек, тажик, уйгур, орус элдеринин уулдары кызмат кылышкан.

Уу-дуу кабар облустан ашып, республикага дайын болду. Аларды жок кылуу Кызыл-Кыя ГПУсуна тапшырылган.

Үч-коргондук А.Сабиров менен Пүлгөндөгү ыктыярдуулар отрядынын командири Зябидин Бегалиев экөө макулдашышат. А.Сабиров Кызыл-Кыя тараптан З.Бегалиев Үч-Коргон тараптан басмачылар жашырынып жаткан тоолорду көздөй атташышат. А.Сабиров

экөө ыктыярдуу отряддарын баштап барышып, күн-түнү тынышкан жок. Басмачыларды кууп, жер которууга аргасыз кылышат.

Кыйын шарттарга карабай, Совет бийлигин бул чөлкөмдө орнотуп, жер бөлүштүрүү иштери жүрөт. Үч-Коргондун түзөң тарабы же жарымы Фергана үйөзүнө, тоо тарабындагы жарымы Ош үйөзүнө каратылды.

Ал кезде эл, аялдар Ферганага каршы болот, себеби аялдар паранжи жабуу керек деген таасир болгон. Ошол себептен коңшу аймактардагы көп адамдар Кыргызстанда калууну самашкан.

Ошол кезде Үч-Коргон, Кызыл-Кыя, Караван Фергана үйөзүнө карап калган эле. Эки тараптын элин жактаган А. Орозбеков менен И.Аликожоев жаңжалдашып кетишет. Андан көп өтпөй эле Үч-Коргондо Ю.Ахунбабаев менен А.Орозбеков жолугушат. Алар элдин ой-пикирлерин сабырдуулук менен угушуп, элдин каалоосуна жараша чечүүнү туура табышып, Кызыл-Кыя, Караван, Үч-Коргон Ош үйөзүнүн тутумунда калтырылган [3].

Ошентип Орозбеков А. Аликожоевге Сталинден алып келген кагазын көрсөтүп маселени оң жакка чечкен:

- кыргыздар Фергана өрөөнүнүн түштүгүндө Үч-Коргон, Охна аймагында хандыкка каршы чыгышат;
- 1860-жылдары Орусия империясы Түштүк Фергана аймагын ээлейт, анда жергиликтүү ыктыярчылар А. Орозбековдун жетекчилигинде Үч-Коргондо, Кызыл-Кыяда жеңишке жетет;
- басмачыларды жеңүүдө интернационалдык полктун жана ага жардам кылууда А.Сабиров, З.Бегалиев чоң иштерди аткарышкан.

**Адабияттар:**


1. Жунусов К. Байыркынын издери [Текст] / К. Жунусов – Б.:Кыргызстан, 2001.- б.328
2. Жаркынбаев Т.Ж. Основные этапы басмаческого движение в Ферганской долине (1917-1924) автореф. дис. канд. истор. наук – С. 14 – 21.
3. Жетимишов С. Албуут дарек издери [Текст] / С. Жетимишов. – Ош: 2014. – б.512
4. Смадияров С.Кыргыз башкаруучуларынын кыскача тарыхы (кеңеш доору) тарыхый очерктер [Текст] /С. Смадияров – Ош, 2006 – б.82
5. Ош областы. Энциклопедия [Текст]: Кыргыз Совет энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1989. – б.512
6. Кыргыз тарыхы: Энциклопедия [Текст]: - Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2003. – б.464